Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейи

# Ата-энелер комитети жөнүндө жобо

Сканировано с CamScanner

Педагогикалык кеңеш тарабынан

кабыл алынган

Буйрук №2

"4" 11 2022 жыл

"Бекитемин"

Мектеп директору: ____ Атаев Б.С

"4" 11 20__ жыл

## Х.Жээнбаев атындагы мектеп –лицейинин ата-энелер комитети жөнүндө жобо

**1.Жалпы жоболор.**

1.1 Бул жобо КР-нын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетин жөнгө салуу максатында түзүлүүдө, анткени ал тең башкаруу органы.

1.2 Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептик чогулушунда кабыл алынат, бекилет, мектептин директорунун буйругу менен ишке киргизилет.

1.3 Комитет үч жылга шайланып, аны төрага же төрайым жетектейт. Комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер жыйналышында отчёт берип турат.

1.4 Комитеттин иш-аракеттерин координациялоо үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары салымын кошо алат.

1.5 Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катары кабыл алынат.

**2. Ата-энелер комитетинин функциялары:**

2.1 Окуу тарбиялык процессти уюштурууда (окуу китептерин, көрсөтмө куралдарды сатып алууга, аларды даярдоодо, окуу жабдуулары менен камсыз кылууга) шарттарды түзүүгө көмөктөшөт.

2.2 Комитет окуучулардын ата-энелеринин, окуучулардын укуктары менен милдеттери жөнүндө түшүндүрүү жана консультативдик иштерин өткөрөт.

2.3 Жалпы мектептик иш-чараларды өтүүдө көмөктөшөт. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

Сканировано с CamScanner

2.4 Мектеп администрациясы менен чогуу балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн уюштурууну көзөмөлдөйт.

2.5 Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш –жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

2.6 Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ыңгайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.

2.7 Жашы жете элек окуучулардын арасында укук бузууларды, көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жааматтары менен бирге өз ара иш алпарат.

**3. Ата-энелер комитеттеринин укуктары.**

3.1 Мектеп администрациясына тийиштүү сунуштарды киргизип, аларды кароонун жыйынтыктары жөнүндө алардан талап кылууга;

3.2 Балдардын укугун коргоо боюнча билим берүү органдарына түшүнүк алуу боюнча кайрылууга;

3.3 Класстык ата-энелер комитеттеринин чечимдери боюнча окуп жаткан окуучулардын ата-энелерин өз отурумдарына чакырууга;

3.4 Комитетте жигердүү иштеп, жалпы мамлекеттик иш-чараларды өткөрүүдө көмөк көрсөткөн ата-энелерди сыйлоого;

3.5 Өз милдеттерин аткаруу үчүн комитеттин туруктуу же убактылуу комиссиялары жөнүндө актыларды иштеп чыгууну уюштурууга;

3.6 Комитетке тийиштүү маслелер болгондо педагогикалык кеңештин айрым отурумдарына комитеттин төрагасы же төрайымы катышууга;

3.7 Ата-энелер комитетинин ишине катышпаган жана жоопкерчиликсиз мамиле кылган айрым өкүлдөрүн ортого салып, тийиштүү чара көрүүгө укуктуу.

**4.Ишти уюштуруу**

4.1 Комитеттин курамына окуучулардын ата-энелеринин өкүлдөрү ар бир класстан бирден киши кирет. Комитеттин өкүлдөрү окуу жылынын башталышында 15-сентябрга чейин жыл сайын ата-энелердин класстык чогулушунда шайланышат.

4.2 Комитеттин курамы ата-энелердин чогулушунда аныкталат. Комитет өз курамынан төрага же төрайым шайлайт. Алардын курамына жараша төрага же төрайымдын орун

Сканировано с CamScanner

басарлары жана катчы шайланат.

4.3 Комитеттин мектептин директору менен макулдашылган план жана тартип боюнча иштейт.

4.4 Өзүнүн иши боюнча комитет бир жылда эки же андан ашык ата-энелердин жалпы чогулушунда отчёт берет. Чогулушта чечим көпчүлүктүн добушу менен ишке ашат. Комитет өз чечимин отурумда анын мүчөлөрүнүн жарымы катышкан учурда гана чыгара алат.

**5. Иш кагаздарын жүргүзүү**

5.1 Комитет өткөргөн чогулуш, жолуугушулардын жалпы мектептик ата-энелер жыйналыштарынын протоколдорун, токтомдорун жазууга тийиш.

5.2 Аткарылган иш кагаздары жалпы билим берүү мекемесинин кеңсесинде сакталат.

5.3 Комитеттеги иш кагаздарын алпаруу жоопкерчилиги комитеттин төрага же төрайымы же катчыга жүктөлөт.

Сканировано с CamScanner